Каралды
Педагогикалык кеңеш
№ 13 протокол
« 29 » 08 2022-ж.

Бекитем
Директор Джаныпбаева Ч.Т
« 29 » 08 2022-ж.

# «№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби» мекемесинин мектеп нөөмөтчүлүгү жөнүндө Жобосу

**1.Жалпы жоболор**

1.1. Жобо мектептин Уставынын негизинде жазылган

1.2 Мектепе нөөмөтчүлүгү, 8-11-класстар,класс жетекчилер ,нөөмөтчү мугалим,нөөмөтчү администрация,усулдук бирикме жетекчиси менен бирге макулдашылып график түзүлөт.

1.3. Нөөмөтчү болгон класс бир жумадагы тартипке көз салат:
Мектептеги тартип бузууларды,сабактан калуу,сабакка кечигип келүү,сабактан качуу боюнча маалыматтарды линейкада билдирет.(Нөөмөтчү мугалим администрация,класс жетекчилердин катышуусунда).

1.4. Нөөмөтчүлөр сабак башталганга чейин 20 минута эрте келип,нөөмөтчүлугүн башташат.Нөөмөтчү класстын нөөмөтчү мугалимдин,класс жетекчинин,администрациянын төшүндө таза бейджиги болуусу зарыл.Нөөмөтчү болуунун астында класс жетекчи жана дежур администрация башчысы менен биргеликте дежур класс мектепте эртең менен зарядка уюштурат.( Дене тарбия мугалими зарядка жасатат).

1.5. Нөөмөтчү мугалим нөөмөт журналын өз убагында толтуруп турат.

**2. Нөөмөтчүлүктү уюштуруу жана өткөрүү**

2.1 Жалпы Жобонун регламенти боюнча мектеп нөөмөтчүлүгү: Нөөмөтчү администрация,нөөмөтчү мугалим,класс жетекчинин болушу менен мектептеги тартипти көзөмөлдөйт жана ички тартипти уюштурат.

2.2. Мектепте нөөмөтчү болгон мугалим окуучулардын жана педагогикалык коллективдин өмүрүнүн коопсуздугун камсыздоого,мектепте сабактардын үзгүлтүксүз регламенттин негизинде өтүүсүнө ,ички тартиптин сакталуусуна көз салат.

2.3.Нөөмөтчү мугалим Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын ,Билим берүү жана илим министрлигинин номативдик-укуктук документтеринин,мектепетин Уставынын жана жергиликтүү нормативдик актылардын, Эмгек кодексинин негизинде иш жүргүзөт.

2.4.1-2-нөөмөттө 8-11-класстарынын окуучулары нөөмөтчү болгон учурда класс жетекчиси,нөөмөтчү мугалим ,администрация да нөөмөттө турат.

2.5. Нөөмөтчүлүктүн графиги ар бир айдын башында түзүлөт. Ай ичинде өзгөрүүсү мүмкүн.Себеби нөөмөтчү мугалимдин “Эмгекке жарамсыздык баракчасына” чыккандыгына байланыштуу,район,шаардык алкактагы ачык сабактарга,семинарларга,өз билимин жогорулатуу курстарына кеткен учурларда нөөмөтчүлүктүн граиги өзортүлүп,мектеп директору тарабынан бекитилет.